**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# «КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА ОКУУ»

окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы
билим берүүчү уюмдарынын
1-6-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Илимий консультант:**
**Дюшеева Н.К.** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын президенти

**Иштеп чыккандар:**
**Рысбаев С. К.** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери
**Токтомаметов А.Д.** педагогика илимдеринин кандидаты, РПККЖжКДИнин директору
**Абдухамидова Б.А.** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин доценти
**Бекбаева Ч.Д.** – Бишкек шаарынын №67 Т. Үмөталиев атындагы жалпы орто билим берүү мекемесинин башталгыч класстарынын мугалими, КРнын билим берүүсүнүн мыктысы.

**Рецензенттер:**
**Абдраева Н**. п.и.к., И. Арабаев атындагы КМУнун доценти
**Асылбекова Р.А.** № 67 Т. Үмөталиев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин башталгыч класстардын мугалими
**Исамадырова М.А.** № 67 Т. Үмөталиев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин башталгыч класстардын мугалими
**Карабаева У. Ы.** № 67 Т. Үмөталиев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин башталгыч класстардын мугалими

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1-6-класстары үчүн "Кыргыз тили жана окуу" боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына (2023), Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан.

Аталган стандарт кыргыз тилин Кыргыз Республикасындагы кыргыз тилдүү мектептерде окутуу боюнча негизги стратегиясын, урунттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат.

Башталгыч мектепте кыргыз тили жана окуу боюнча окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу-методикалык комплексин, дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

Стандартта кыргыз тили жана окуу предметин окутуунун концепциясы, окутуунун максат-милдеттери, окутуу принциптери көрсөтүлгөн. Предметтин мазмуну, окуучулар жетишилүүчү натыйжалар жана ээ болуучу компетенттүүлүктөр берилген. Соңунда предметти окутууга жагымдуу жагдай түзүү талаптары, окуучунун билимин баалоо жана ресурстук камсыздоонун шарттары сунушталган.

## М А З М У Н У

**1.** ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ .................... 4

**2.** ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР .................................................................. 5

**3.** МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар)..........................................................9

**4.** ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ..........................................................................................16

**5.** ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО..................................17

**6.** ПРЕДМЕТТИ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР.......................................................................................................... 20

**7.** ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ........................................................................................................................21

## 1. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Кыргыз тили жана окуу предметтери 1-6-класстарда окуучулардын функционалдык сабаттуулугун, коммуникативдик жана окурмандык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталат. Булар окуучулардын алгачкы сабаттуулугун ачуу менен бирге, эне тилинде ой жүгүртүүсүн, интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн каражаты, башка предметтерди да өздөштүрүүнүн натыйжалуулугун камсыздайт жана алардын негизи болот. Баланы инсандык үлгү сапаттарга тарбиялоого, социалдаштырууга кызмат кылат.

Кыргыз тили жана окуу предметтеринин стандарты 1-6-класстарда бирге жазылат, бирок ар бири өз алдынча окуу китептери менен окутулат жана 5-6-класстарда Кыргыз адабияты предмети деп аталат.

Кыргыз тили предмети адегенде окуучулардын эне тилиндеги тыбыштарды туура айтып, тамга таануу аркылуу муунду, сөздү, сүйлөмдү, андан ары текстти окууга үйрөтөт. Бара-бара эне тилинде ***(кеп маданиятынын компоненттерине ылайык***) таза, туура, адептүү, орундуу, логикалуу жана бай сүйлөө менен жазууга үйрөтүү аркылуу кыргыз тилинин тилдик системасы боюнча маалыматтарды берет.

Окуу сабактарында 1-4-класстарда окуучунун жалпы эле окуу ишмердигин түптөөдөн баштап, ар кыл тематикада, кептин түрлөрүнө (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) жана стилдерине (публицистикалык, таанышуучулук, коомдук-маданий, көркөм) ылайык тексттерди окуп үйрөнүүгө, талдап түшүнүүгө, натыйжада окурмандык ишмердикке багыттайт. Ал эми 5-6-класстарда көркөм адабий чыгармалардын балдарга арналган мыкты үлгүлөрүн ырааттуу үйрөнүүгө өтөт.

**Окутуунун максаты**

1-6-класстарда Кыргыз тили жана окуу п**редметин окутуунун максаты** – окуучулардын эне тилинде сөз байлыгын жана байланыштуу кебин өстүрүү, тил системасынын негизги элементтерин өздөштүрүү аркылуу сабатын ачуу жана кептин түрлөрү менен стилдерине ылайык текстти сабаттуу окуп/угуп кабыл алуу аркылуу окуучулардын кеп ишмердигинин бардык түрлөрүндөгү көндүмдөрүн, окурмандык ишмердигин өнүктүрүү жана жана функционалдык сабаттуулугун бекемдөө.

**Милдеттери**

**Билим берүүчүлүк (таанып-билүүчүлүк):**

- кептик, тилдик жана текст боюнча жөнөкөй түшүнүктөрдү жана окуу, жазуу, сүйлөөнүн негизги эрежелерин өздөштүрүүнү камсыз кылуу;
- тилдин, тексттин жана адабий чыгармалардын маани-маңызын, табиятын, жанрларын, образдарын алгач түшүнүү, окуп-үйрөнүү, талдоо көндүмдөрүн калыптандыруу;
- кептин ар кандай түрлөрүнүн, стилдеринин өзгөчөлүктөрүн жана баарлашуу жагдайын эске алуу менен карым-катыштын (диалог, монолог) максаттарын, милдеттерин, каражаттарын жана шарттарын практикада колдоно билүү жөндөмүн өнүктүрүү. Бул иш-аракеттер окуу процессинде сабактын билим берүүчүлүк максаты аркылуу жүзөгө ашат.

**Өнүктүрүүчүлүк (жүрүм-турумдук):**

- кеп, тил жана түрдүү тексттер аркылуу окуучунун алган билимдерин карым-катыштын түрдүү окуу жана окуудан сырткаркы кырдаалдарында колдоно билүү, ар кыл типтеги жана жанрдагы маалыматтар/тексттер менен иштөөгө жетиштирүү;
- кыргызча таза, так, туура, адептүү сүйлөө, жазуу көндүмдөрүнө, сүйлөө, жазуу этикетине, кеп маданиятына көнүгүү, адабий тексттерден көркөм-эстетикалык жана адеп-ахлактык сабактарды, үлгүлөрдү алуу жана үйрөнүү;
- тексттерди үн чыгарып жана ичинен туура, тез, аң-сезимдүү, шар, көркөм окуу көндүмдөрүнө, көркөм, илимий-популярдуу, туташ жана туташ эмес тексттерди окуп түшүнүү жана өзгөртүүнүн, жаңы текст түзүүнүн жөнөкөй ыкмаларына ээ кылуу;
- окуу тексттерин, адабий үлгүлөрдү өз алдынча тандоо, кошумча маалыматтарды алуу жана аларды түшүнүү үчүн маалымдама адабияттарды колдонуу билгичтигин калыптандыруу. Бул иш-аракеттер окуу процессинде сабактын өнүктүрүүчүлүк максатынын негизинде жүзөгө ашырылат.

**Тарбия берүүчүлүк (баалуулук):**

- окуучуларды кептин ар кыл түрүнө, стилдерине жана жанрына ылайык тексттерди окуп-үйрөнүү маданиятына жана окуганы/укканы боюнча оозеки, жазуу түрүндө өзүнүн пикирин, баасын билдирүү көндүмүнө үйрөтүү;
- текстти окуу аркылуу анын адабий-эстетикалык, руханий-адептик баалуулуктарын үйрөнүү, образдарын талдап үйрөнүү менен, алардан үлгү сапаттарды алуу, анын натыйжасында окуучулардын адеп-ахлактык тажрыйбасынын баюусуна; жакшы жана жаман тууралуу, улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктарды, нарктуу түшүнүктөрдү билүү, аларды урматтоо, сыйлоо түшүнүгүнүн калыптануусуна шарт түзүү, анын эң жөнөкөй үлгүлөрүн турмушунда колдонууга көнүктүрүү. Бул баалуулуктар окуу процессинде сабактын тарбиялык максаты аркылуу жүзөгө ашат жана анын материалы боло алат.

## 2. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

Кыргыз тили жана окуу сабактарында төмөндөгү предметтик компетенттүүлүктөр калыптанууга тийиш. Алар башталгыч билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөнкүчө аныкталды:

***Кыргыз тили сабактарында***

**<u>Кептик компетенттүүлүк</u>**:

- эне тилинде таза, так, туура сүйлөөгө жатыгуу;
- эне тилинде пикирин оозеки түрүндө билдире алуу, маалыматтарды айтып жана жазып, оюн текст түрүнө сабаттуу, байланыштуу жаза алуу;
- сүрөт жана таяныч сөздөр менен текст түзүп, аларды презентациялай алууга жетишүү;
- берилген тааныш темаларга карата оозеки жана жазуу түрүндө чакан текст түзүп класста түшүндүрүү;

- эне тилинде кеп этикетине ээ болуу, сылык таанышып, сылык учурашып, бир нерсени сылык сурап алуу, кечирим суроо, уруксат суроо, натыйжада адептүү, орундуу баарлашууга үйрөнүү.

**Тилдик компетенттүүлүк**:

- эне тилинде сабатын ачуу, сөз байлыгын арттыруу, кыргыз алфавитин билүү, анын тыбыштык курамы тууралуу маалыматтуу болуу, фонематикалык кабыл алуусун бекемдөө;
- орфографиялык-пунктуациялык сабаттуулукка жетишүү, кеп ишмердигинин бардык түрлөрүндө жазуу жана оозеки түрдө көндүмдөргө ээ болуу;
- текст тууралуу, кептин түрлөрү менен стилдери тууралуу маалыматтуу болуу, эне тилинде таза, так, туура сүйлөп, жаза билүүгө жатыгуу;
- эне тилинин тилдик системасы жөнүндө түшүнүк алуу, сүйлөм мүчөлөрү (5-класс) жана негизги сөз түркүмдөрү (6-класс) менен таанышуу жана сөз маанилерин, курамын, түрлөрүн билүү, пунктуация менен орфографиянын элементтерин кебинде колдонууга машыгуу.

**Этномаданий компетенттүүлүк:** окуучулардын өз эне тилинин улуттук лексикалык каражаттарын өздөштүрүү, сөз маанисин билүү, түшүнүү, аны сүйлөө процессинде туура, так, орундуу колдоно алуу, эне тилинде өз элинин маданиятын, үрп-адатын, нарк-насилин, улуттук буюмдарын, кийимдерин, ж.б. так, туура атай билүүнү камтыйт.

***Окуу сабактарында***

**Окурмандык компетенттүүлүк** – бул үн чыгарып жана ичинен туура жана шар окуу, көркөм, сезимдүү, түшүндүрүп окуунун, илимий-популярдуу жана окуу тексттерин талдоонун жана өзгөртүүнүн элементардык ыкмаларын, окуганынын/укканынын мазмунун түшүнүү үчүн түрдүү булактарды колдонуу, кошумча маалыматтарды алуу жана эстетикалык табитине жана керектөөсүнө ***жараша адабиятты, анын жанрын (ыр, аңгеме, жомок) тандоого, окуу маданиятына жатыгуу.***

**Эмоционалдык - баалуулук компетенттүүлүк** – бул башталгыч мектептин бүтүрүүчүсүнүн кеп ишмердигинин бардык түрлөрүн аң-сезимдүү өздөштүрүү, окуган/уккан кепке, чыгармага баа берүү, ***ички эмоциясын өстүрүү (кайгыруу, кубануу, юморго мамиле), тексттеги эмоционалдык абалды түшүнүү***, карым-катыштын ар кандай кырдаалында кептик, кептик эмес (мимика, кыймылдар) жана интонациялык каражаттарын колдонуу менен кеп маданиятын сактоо.

**Адабий - чыгармачылык компетенттүүлүк** – бул компетенттүүлүктө эң жөнөкөй адабий-көркөм жана публицистикалык тексттер менен иштей алуу, адабий тектер, жанрлар тууралуу билүү, аңгеме, ыр, жомок жанрларын айырмалай билүү жана алар менен иштей алуу. Булар аркылуу баштапкы адабий билимге ээ болуу. ***Окуучунун адабий чыгарма, анын мазмуну, идеясы, каармандары, алардын тарбиялык таасири тууралуу чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү, өз алдынча эң жөнөкөй, алгачкы адабий туундуларды жаратуусуна (ыр, жомок) багыттоо.***

**Социомаданий компетенттүүлүктөр** - башталгыч мектептин бүтүрүүчүсү ***жашап жаткан аймагына, чөйрөсүнө жараша тилдин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн эске алуу менен***, кептик этикетке ылайык баарлашат, тил аркылуу көп маданияттуу дүйнөдө өз ара натыйжалуу мамиле жасай алат. Социомаданий баалуулук кептик, тилдик жана окурмандык компетенттүүлүк менен тыгыз өз ара карым-катышта калыптанат.

Компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээли билим берүү натыйжалары менен аныкталат.

**Таблица 1 – Кыргыз тилинин бөлүмдөрүнө жараша окуучулар төмөндөгүдөй көндүмдөргө ээ болушат**

| № | Тилдин бөлүм-дөрү | 1-класс | 2 -класс | 3-класс | 4-класс | 5-класс | 6-класс |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Фоне тика | Кыргыз алфавитин айырмалап билет, –тыбыштары туура ажыратып угат. Тамгалар дын басма жана жазма түрлөрүн жазып машыгышат | Кыргыз алфавитин айырмалап билет, –тыбыштары туура ажыратып угат, ага жараша фонематикалык каллиграфия-лык көндүмдөргө ээ болот | Каллиграфи ялык көндүмдөрү бекемделет Созулма, кыска үндүүлөрүн, катар келген үнсүздөрдү катасыз жазат | Созулма, кыска үндүүлөрүн, катар келген үнсүздөрдү, йоттошкон тамгаларды, татаал сөздөрдү катасыз, сабаттуу жазат. | Сабаттуу, катасыз жазат, жазуу көндүмү калыптанат | Сабаттуу, катасыз жазат, жазуу маданиятына ээ болот |
| 2 | Лек сика | Предметтик жана сюжеттик сүрөттөргө карап нерселердин аттарын атап, сөздөрдү туура айтат жана жазып машыгат. | Тамга, тыбыштарга жараша нерселердин аттарын атап, сөздөрдү туура айтат. | Жөнөкөй жана татаал сөздөрдү туура угуп, туура айтат, сөздөрдүн кептеги маанисин билет. | Сөздүн функционалдык маанисине жараша заттык, сыпаттык, сандык, кыймыл категорияла рына жараша ажырата алат. | Сөздүн сүйлөмдөгү грамматика-лык маанисин, кызматын ажырата алат. | Сөздү түркүмдөр-гө ажыратат, кыргыз тилинин негизги сөз түркүмдө рүн билет. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Орфо гра фия | Кыргыз алфавитиндеги тамгаларды атын атап тааныйт, басма түрүндө жана жазма түрүндө эрежеге ылайык жаза алат. | Кыргыз алфавитиндеги тамгаларга фонематикалык көндүмү калыптанат, каллиграфияга ээ болот. Баш жана кичине тамгаларды ажыратып жазат. | Сүйлөмдө жөнөкөй жана татаал сөздөрдү туура угуп жана көрүп, баш жана кичине тамгаларды ажыратып туура жазат. | Текстте жөнөкөй жана татаал аталыштарды туура угуп көрүп, ажыратып, маанисин түшүнүп туура жазат. | Сүйлөмдү, текстти угуп, көчүрүп жазууда жазуу эрежелерин сактайт, сүйлөм чегин жана абзацты билет. | Сөз түркүмдөрүнө жараша сөздөрдү, аталыштарды, терминерди, жер-суу аттарын туура жазат. |
| 4 | Пунк туация | Тамгаларды атап, тыбыштарды айтканда аралыктагы интонацияны (кыраат) туура сактайт. | Тамгаларды атап, тыбыштарды айтууда, сөздөрдү окууда интонацияны туура сактайт. | Сөздөрдү айтууда, окууда сөз жана сүйлөм арасында кыраатты туура сактайт. | Сүйлөмдөрдү окууда, бир өңчөй сөздөрдү ажыратып турган үтүрлөргө жараша кыраатты сактайт. | Текст окууда сөздөрдүн жана сүйлөмдүн арасындагы кыраатты, абзацты туура сактайт. | Текст окууда сөздөрдүн жана жөнөкөй, татаал сүйлөмдүн арасындагы кыраатты, абзацты туура сактайт. |
| 5 | Морфо логия | Сүрөттөрдөгү үнерселердин аттарын ички ыргагына жараша туура айтат. | Сөздөрдү үндүүлөргө жараша туура муундап айта алат. | Уңгу жана ага уланган мүчөлөрдү бөлүп, муундап туура айтат. | Сөз мүчөлөрүн ажыратып, туура атап сөзгө улап туура айтат. | Уңгу жана сөз мүчөлөрүн ажыратып, туура атап сөзгө улап туура айтат. | Сөз түркүмдөрүн, туунду, тубаса сөздөрдү туура атап, ажыратып билет. |
| 6 | Синтак сис | Сүрөткө карап, эки-үч сөздөн оозеки сүйлөм түзүп айта алат. | Сүрөткө карап, тамга-тыбыштарды катыштырып, эки-үч сөздөн оозеки сүйлөм түзүп айта алат. | Сөздөрдүн кептеги кызматын билип, аларды пайдаланып, сүйлөм түзүп айта, жаза алат. | Темага жараша бир нече сүйлөмдү оозеки түзүп, жазып бере алат. | Сөздөрдөн сөз айкашын түзүп, андан сүйлөм түзөт, сүйлөм мүчөлөрүн билет. | Сөздөрдөн сөз айкашын түзүп, андан татаал сүйлөм түзөт, сүйлөм мүчөлөрүн билет. |

## 3. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар)

Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана окуу предметтери кеп өстүрүү, сабат ачуу, кыргыз тили, окуу (5-6-класстарда кыргыз адабияты) курстарынан турат жана **кеп жана баарлашуу, сабат ачуу жана тил системасынын элементтери, окуу ишмердигин өнүктүрүү жана эмоционалдык-баалуулук мамилелер тажрыйбасын өнүктүрүү** деген мазмундук багыттардан турат.

***1) Кыргыз тили боюнча***

**1-мазмундук багыт: Кеп жана баарлашуу.** Мында окуучулар 1-класста предметтик жана сюжеттик сүрөттөр аркылуу чөйрөнү, андан ары дүйнөнү таануу менен, аттарын атап айтуу, сүйлөшүү аркылуу кеби өсөт, сөз байлыгы артат, сүйлөшүү этикетинин үлгүлөрүнө машыгат. Эне тилинде сабаттуу сүйлөп, баарлашуу жөндөмү артат. Сүйлөм, текст аркылуу окуучунун сүйлөө практикасында кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү (угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу) боюнча өз ара ырааттуу байланыштагы окутуу процесси камсыз кылынат. Натыйжада, оозеки жана жазуу кебинин номинативдүү (атоо), коммуникативдик, когнитивдик, эмоционалдык жана экспрессивдүү функциялары ишке ашат. Кебин өстүрүп, баарлашууга үйрөтүүдө кептин түрлөрү менен стилдери активдүү катышат.

**2-мазмундук багыт: Сабат ачуу жана тил системасынын элементтери**

Бул аркылуу окуучулар эне тилинин тилдик системасынын элементтери менен тааныштырат жана фонетика, орфография, лексика, морфология, орфография, орфоэпия, элементардык синтаксис жана пунктуация бөлүмдөрүнүн негизги түшүнүктөрүнө практика жүзүндө ээ болот. Оозеки, жазуу формасында окуу, сүйлөө, жазуу ишмердиктери системалуу өнүгөт. Адегенде, сөздүн, андан соң, сүйлөмдүн, андан ары тексттин функциясын түшүнүп, практикада колдонуу жөндөмдөрү артат.

***2) Окуу боюнча***

**1-мазмундук багыт: Окурмандык ишмердигин өнүктүрүү**

Бул мазмундук багыт аркылуу окуучулар адегенде текст окуу көндүмү калыптануу менен, андан ары публицистикалык, маданий, илимий таанып-билүүчүлүк көркөм маанайдагы тексттерди окуу менен, бардык предметтерди өздөштүрүүнүн негиздерине көнүгөт, алгачкы адабий терминдерди жана түшүнүктөрдү өздөштүрүү камсыз болот, окуучуларды балдар үчүн ата мекендик жана дүйнөлүк классикалык адабиятынын үлгүлөрү менен тааныштырат, окуу жана түшүнүү ишмердиги, андан ары окурмандык ой жүгүртүүсүн кеңейтет.

**2-мазмундук багыт: Эмоционалдык-баалуулук мамилелер тажрыйбасын өнүктүрүү.** Окуган тексттин мазмунун түшүнүү, адабий чыгармалардын идея-тематикалык табиятын түшүнүү, каармандарына, образдарына баа берүү, оң жана терс каармандарды түшүнө билүү, алар аркылуу жаман менен жакшыны ажырата билүү.

Көрсөтүлгөн мазмундук багыттардагы иш-аракеттери бири-бири менен айкалышта ишке ашат, алар улам кийинки класстарда окуу материалдары уланмалуулук аркылуу тереңдетилип кеңири өздөштүрүлөт. Окуучулардын кебин өстүрүү жана баарлашуу, окуу ишмердигин өнүктүрүү иштери сүйлөө-жазуу жана окуу жана түшүнүү ишмердиги менен бирге ырааттуу ишке ашат. 5-6-класстардан тартып, улуттук жана дүйнөлүк балдар адабиятынын мыкты үлгүлөрү менен таанышып, окурмандыгы артат.

**Таблица 2 – Кыргыз тили сабагынын мазмундук багыттары менен окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдүн катышы**

| Компетент түүлүктөр | Мазмундук багыттар (мазмундук линиялар) | |
|---|---|---|
| | **Кеп жана баарлашуу** | **Сабат ачуу жана тил системасынын элементтери** |
| **Кептик компетенттүүлүк** | - эне тилинде таза, так, туура сүйлөөгө жатыгышат;<br>- эне тилинде пикирин оозеки түрүндө билдирип, маалыматтарды айтып жана жазып, оюн текст түрүнө сабаттуу, байланыштуу жаза алышат;<br>- сүрөт жана таяныч сөздөр менен текст түзүп, аларды презентациялашат;<br>- берилген тааныш темаларга карата оозеки жана жазуу түрүндө чакан текст түзүшөт;<br>- эне тилинде кеп этикетине ээ болушат: сылык таанышууга, сылык учурашууга, бир нерсени сылык сурап алууга, кечирим суроого, уруксат суроого адептүү, орундуу баарлашууга үйрөнүшөт. | - предметтик-тематикалык, сюжеттик сүрөттөр аркылуу кеп өстүрүү, сөздүк корун байытуу иштерин аткарышат, байланыштуу сүйлөөгө машыгышат;<br>- алфавиттеги тамгаларды таанышат: аталыштарын атап үйрөнүшөт, алар катышкан сөздөр менен аталган предметтерди таанып, сүйлөп, боёп, өз ойлорун айтып машыгышат; кол булчуңдарын бекемдөөчү эң жөнөкөй чиймелерге кол көндүрүү иштери аткарып, тамгалардын басма жана жазма түрлөрүн жазып үйрөнүшөт;<br>- тамгалардан түзүлгөн эң жөнөкөй муундарды, жөнөкөй сөздөрдү, сүйлөмдөрдү окуп машыгышат. |
| **Тилдик компетенттүүлүк** | - эне тилинде сабатын ачуу, сөз байлыгын арттырып, кыргыз алфавитин билип, анын тыбыштык курамы тууралуу маалыматка ээ болушат;<br>- орфографиялык-пунктуациялык сабаттуулукка жетишишет кеп ишмердигинин бардык түрлөрүндө жазуу жана оозеки түрдө көндүмдөргө ээ болушат;<br>- текст тууралуу, кептин түрлөрү менен стилдери тууралуу маалыматка ээ болушат; | - тыбыштарды туура айтуу менен фонематикалык жана артикуляциялык көндүмдөрү калыптандырышат, тамгаларды туура жазуу багытында каллиграфиялык сабаттуулуктарын бекемдешет;<br>- жазуу дептерине тамгаларды, муундарды, сөздөрдү, андан ары жөнөкөй сүйлөмдөрдү жазып көнүгүшөт. |

| | | |
|---|---|---|
| | - эне тилинин тилдик системасы жөнүндө түшүнүк алышат: сүйлөм мүчөлөрү (5-класс) жана негизги сөз түркүмдөрү (6-класс) менен таанышышат жана сөз маанилерин, сөз курамынын түрлөрүн билишет. | |
| **Этномаданий компетенттүүлүк** | - окуучулардын эне тилинин улуттук лексикалык каражаттарын сүйлөө процессинде туура, так, орундуу колдоно алышат;<br>- эне тилинде өз элинин маданиятын, үрп-адатын, нарк-насилин, улуттук буюмдарын, кийимдерин, ж.б. так, туура атай билүүгө үйрөнүшөт. | - өз эне тилинин улуттук лексикалык каражаттарын (этномаданий лексика) өздөштүрүшөт, сөз маанилерин түшүнүшөт. |

**Окуу сабагынан төмөндөгүдөй көндүмдөр калыптанат:**

– 2-класстан тартып көлөмү чакан, кептин баяндоо түрүнө ылайык, окуучулардын курагына, түшүнүгүнө туура келген, баланын өздүк, окуу жана социалдык-маданий чөйрөлөргө жараша тексттерди окуп түшүнүшөт жана мазмунун кайра айтып берүүгө көнүгүшөт;

– кыргыздын улуттук балдар адабиятынын үлгүлөрүнөн аңгеме жана жомокторду окуп-үйрөнүп, идеялык маани-маңызын түшүнөт;

– 3-класстан тартып публицистикалык жана көркөм стилдеги, маданий-социалдык темадагы тексттерди окуп, маани-маңызын түшүнүп айтып беришет;

– чакан адабий чыгарманы окуп, каармандарынын кылган ишине баа берип, оң-терс манисин талдап үйрөнүшөт, ал аркылуу турмуштагы жаман менен жакшыны ажыратышат;

– адабий чыгарманын педагогикалык маани-маңызын түшүнүп, тарбиялык таасир алышат;

– 4-6-класстарда адабий жанрлар катары, ыр, аңгеме, жомок деген эмне экенин билишет жана адабий каармандын образынан үлгү алып, кандай чыгарманын жагар-жакпасын талдап калышат. Айрыкча, 5-6-класстарда Адабияттык окуу курсунан кыргыз адабиятынын жанрлары, тематикасы, кыргыз балдар адабиятын урунттуу үлгүлөрүн үйрөнүп, окурмандыгы өсөт, жазуу жумуштарынын түрлөрүн (баяндама, дил баян, эссе) үйрөнүүгө киришет:

– окуучунун окуу техникасы, көркөм, сезимдүү, образдуу жана түшүндүрүп окуу жөндөмү бекемделет;

– улуттук жана дүйнө эл адабиятынын үлгүлөрүн окуп-үйрөнүшөт, аларга жараша адабий-эстетикалык табити өсөт.

Демек, мына ушундай иш-аракеттерден улам, 1-6-класстарда кыргыз тили жана окуу предметтеринен окуучулар эне тилинде окуу ишмердиги түптөлүп, угуу, окуу, сүйлөө жана

жазуу ишмердиктери тил жана окуу сабактарында ырааттуу байланышта максаттуу түрдө ишке ашат жана ал ишмердик ортоңку класстарда бардык предметтерди жеткиликтүү, сабаттуу окуп-үйрөнүүнүн туруктуу куралына айланат.

**Таблица 3 – Окуу жана кыргыз адабияты сабактарынын мазмундук багыттары менен окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдүн катышы**

| Компетенттүүлүктөр | Мазмундук багыттар (мазмундук линиялар) | | Мазмундук багыттар (мазмундук линиялар) | |
|---|---|---|---|---|
| | **Окуу ишмердигин өнүктүрүү (1-4)** | **Эмоционалдык-баалуулук мамилелер тажрыйбасын өнүктүрүү (1-4)** | **Окуу ишмердигин өнүктүрүү (5-6)** | **Эмоционалдык-баалуулук мамилелер тажрыйбасын өнүктүрүү (5-6)** |
| **Окурмандык компетенттүүлүк** | - үн чыгарып жана ичинен туура жана шар окуу, көркөм, сезимдүү, түшүндүрүп окуунун, илимий-популярдуу жана окуу тексттерин талдоонун жана өзгөртүүнүн элементардык ыкмаларын өздөштүрүшөт;<br>- окуганынын/укканынын мазмунун түшүнүү үчүн түрдүү булактарды колдонушат. | - эстетикалык табитине, өз керектөөсүнө жараша чыгарманын жанрын (ыр, аңгеме, жомок) тандай алышат;<br>- чыгармаларды окууга болгон табити, кызыгуулары артуу менен окурмандык маданиятын калыптандырышат. | - Мазмунду түшүнүп, негизги ойду, теманы жана каармандардын мүнөзүн аныктай алат;<br>- Ар кандай тексттерди (аңгеме, ыр, макала, уламыш ж.б.) талдап, мазмунун кыскача айтып бере алат;<br>- Автордун оюн жана көз карашын түшүнүп, өз оюн билдире алат;<br>- Сюжеттин өнүгүшүнө анализ берип, себеп-жыйынтык байланышын аныктай алат;<br>- Текст менен иштөөдө маалыматты издеп табуу, салыштыруу жана баалоо жөндөмүн көрсөтөт | - Окуган тексти аркылуу каармандардын ички дүйнөсүн түшүнө алат.<br>- Текстке эмоционалдык баа берип, өзүнүн таасирленүүсүн билдире алат ("Бул жомок мени кубантты, анткени каарман чынчыл болду" сыяктуу);<br>- Жакшы менен жамандын ортосун ажыратып, адабият аркылуу адамдык асыл сапаттарды айырмалай алат;<br>- Каарманга болгон мамилесин түшүндүрүп, өзүнүн адамкерчилик көз карашын айтып бере алат. |
| **Эмоционалдык-баалуулук компетенттүүлүк** | - кеп ишмердигинин бардык түрлөрүн аң-сезимдүү өздөштүрүшөт;<br>- карым-катыштын ар кандай кырдаалында кептик, кептик эмес (мимика, | - окуган/уккан чыгармасын, андагы каармандарды, алардын иш-аракеттерин, кыял-жоруктарын талдашат, баа беришет; | - Каармандардын жүрүм-турумуна эмоционалдык баа бере алат (мисалы, боор ооруу, наразы болуу, кубануу ж.б.); | - Өзүнүн жана башкалардын сезимдерин таанып, ачык билдирүүгө үйрөнөт (мисалы, кубаныч, таарыныч, үмүт, кооптонуу ж.б.); |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кыймылдар) жана интонациялык каражаттарын колдоно алышат, кеп маданиятына үйрөнүшөт. | - ички эмоциясын өстүрүшөт (кайгыруу, кубануу, юморго мамиле), тексттеги эмоционалдык абалды түшүнүшөт. | - Өзүнүн жана башкалардын сезимдерин таанып, түшүнүүгө умтулат;<br>- Текстте чагылдырылган адамдык баалуулуктарды (достук, боорукерлик, адилеттүүлүк, эмгек ж.б.) тааный алат жана алар боюнча ой жүгүртө алат;<br>- Өзүнүн ички дүйнөсүн адабият аркылуу байытып, эмоционалдык таасирге ээ боло алат. | - Адабияттагы окуялар аркылуу боорукерлик, ыраазычылык, кечиримдүүлүк сыяктуу баалуулуктарды кабыл алат жана өз турмушунда колдонууга умтулат;<br>- Өзүнүн тажрыйбасынан алып, окулган окуяга байланыштуу адамдык баалуулуктар тууралуу ой жүгүртөт;<br>- Эмоционалдык интеллект (өзүн-өзү түшүнүү, башка адамдын абалын сезүү, тилектештик көрсөтүү) калыптана баштайт. |
| **Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** | - жөнөкөй адабий-көркөм жана публицистикалык тексттер менен иштөөгө машыгышат;<br>- адабий чыгарма, анын мазмуну, идеясы, каармандары, алардын тарбиялык таасири тууралуу чыгармачыл ой жүгүртүшөт;<br>- өз алынча эң жөнөкөй, алгачкы чыгармаларын (ыр, жомок) жаратууга багыт алышат. | - баштапкы адабий билимге ээ болушат: чыгарманын жанрларын (аңгеме, ыр, жомок) айырмалай билишет жана алар менен иштей алышат. | - Окуучулар төмөнкүдөй чыгармачылык иштерди аткара алат:<br>- Текстке негизделген өзүнүн көркөм чыгармасын (эссе, уландысы, сүрөттөмө ж.б.) жаза алат;<br>- Каармандардын диалогдорун түзүп, ролду ойнойт;<br>- Текстти башка формада кайра жарата алат (мисалы, комикс, сүрөт, сахна көрүнүшү);<br>- Образ жаратууда өз көз карашын жана элестетүүсүн колдоно алат; | - Өзүнүн сезимдерин чыгармачылык аркылуу (эссе, сүрөт, сахналаштыруу, ыр жазуу ж.б.) билдире алат;<br>- Каармандардын абалын элестетип, ошол образга жараша эмоционалдык сезимдерди чагылдыра алат (мисалы, кайгылуу же кубанычтуу учурларды сахналаштыруу);<br>- Өз чыгармачылыгында адамдык баалуулуктарды камтый алат (мисалы, «жакшы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | - Адабий стилди тууроо менен жаңы чыгармаларды жаратат. | адам кандай болушу керек» деген темада жазуу);<br>- Башкалардын иштерине эмоционалдык сезим менен баа берип, сыйлоону жана колдоону көрсөтө алат |
| **Социомаданий компетенттүүлүк** | - жашап жаткан аймагына, чөйрөсүнө жараша тилдин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн эске алуу менен, кептик этикетке ылайык баарлашышат;<br>- тил аркылуу көп маданияттуу дүйнөдө өз ара натыйжалуу мамиле жасоого үйрөнүшөт. | - кептик, тилдик жана окурмандык компетенттүүлүк менен өз ара карым-катышта социомаданий баалуулуктары калыптанат. | - Элдик уламыштар, жомоктор, макал-лакаптар аркылуу улуттук маданиятты таанып-биле алат;<br>- Кыргыз элинин салт-санаасы, каада-салты, баалуулуктары тууралуу түшүнүккө ээ болот;<br>- Ар кандай элдердин маданияты менен салыштырып, өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн тааныйт;<br>- Каармандардын жүрүм-туруму аркылуу коомдогу маданий нормаларды түшүнөт;<br>- | - Улуттук каада-салт, үрп-адаттар аркылуу баалуулуктарды кабыл алат (мисалы, улууну сыйлоо, меймандостук, ынтымак ж.б.);<br>- Элдик чыгармалардагы тарбиялык маанини түшүнүп, анын эмоционалдык таасирин сезе алат;<br>- Ар түрдүү маданияттагы каармандарга болгон мамилени салыштырып, толеранттуулук жана түшүнүү менен мамиле жасайт;<br>- Коомдук жана маданий контекстте адамдын жүрүм-турумуна баа берип, улуттук өзгөчөлүктөрдү сыйлайт. |

## 4. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ

***Предметти окутууга методикалык мамиле***

Кыргыз тилин жана окуу предметтерин окуп-үйрөнүүдө төмөндөгүдөй методикалык мамиле жасалат.

**1) Коммуникативдик-функционалык мамилени ишке ашыруу:**

– кыргыз тили предметинен эне тилинде таза, так, туура, адептүү, орундуу логикалуу, бай сүйлөөгө жетишүү;

– сүйлөшүү тематикаларында жана кырдаалдарында, кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүндө (окуу, угуу, сүйлөө, жазуу) сүйлөө-жазуу көндүмүн өнүктүрүү;

– ар түрдүү баарлашуу формаларында (оозеки, жазуу) сабаттуулукка жана сүйлөшүү маданиятына (окуучу-окуучу, окуучу-мугалим) жетишүү;

– маалыматтын булагы, тарбия каражаты жана оюн билдирүү менен баарлашуунун натыйжасы катары текст жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу;

– окуучулардын ***ар кандай стилдеги жана кептин түрүндөгү*** тексттерди түзүүгө болгон ички каалоосун (муктаждыгын), мисалы: ишмердик (кат, кулактандыруу, жарыя ж.б.), көркөм (аңгеме, ыр, жомок ж.б.), коомдук-маданий, илимий-таанып-билүүчүлүк түшүнүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу;

– окуучунун фонематикалык кабыл алуусун бекемдөө, каллиграфиялык сабаттуулугун калыптандыруу, орфографиялык-пунктуациялык жана стилдик көндүмдөрүн өркүндөтүү;

– текст талдоо жана текст түзүү аркылуу байланыштуу кебин жана кеп маданиятын өнүктүрүү) боюнча өздөштүрүү.

**2) Таанып-билүү (когнитивдик) мамиле аркылуу:**

– сөздүн маанисин, кызматын билүү менен, аны туура колдонуп сүйлөө аркылуу, анын адамдын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн эң маанилүү куралы жана дүйнөнү таануу каражаты катары өздөштүрүү;

– ой жүгүртүү иш-аракеттеринин түзүмүндө (салыштыруу, классификациялоо, системалаштыруу жана жалпылоо) жана жалпы таанып-билүү процессинде тилдин системасынын негизги элементтерин үйрөнүү, колдонуу, анализдөө жана синтездөө.

**3) Ишмердик мамиле:** кыргыз тили жана окуу предмети окуучунун коммуникативдик ишмердиги аркылуу анын кебин өстүрүүгө багытталат, бардык өздөштүрүлүп жаткан материалдар (анын ичинде тилдик материалдар да) ушул милдетти ишке ашырат. Анын кеби так, мазмундуу, инсанга багытталган мүнөздө болушу шарт.

**4) Жекече жана топтук формада иштөө:** Ага жетүү үчүн сабакта окуу жекече, топтук, жамааттык формалар колдонулуп, өз ара кызматташууга басым жасалат. Ошол эле мезгилде айрыкча, адабий окууда көркөм тексттер окуп-үйрөнүлүп жаткан учурда окуучунун ою, жеке пикири, ага аргументтерди келтирип, далилдөө аракети өзгөчө маанилүү болуп саналат. Көркөм тексттер менен иштөөдө аны эмоциялуу-баалуулук мамилелери аркылуу кабыл алуусу, өзүн өнүктүрүүсү инсанга багытталган мамилени ишке ашыруунун негизи болот. Мында дифференциялап окутууну, долбоор методун, өнүктүрүүчү технологияны, сынчыл ойломду колдонууга болот.

**5) Грамматикадан – кепке технологиясы:** кыргыз тили предметин окутууда грамматикалык материалдарга айрыкча басым коюунун ордуна, «грамматикадан-кепке» принциби колдонулат, анын негизинде грамматикалык материалдарын байланыштуу кептин материалдары менен интеграциялап окутуу ишке ашат.

**6) Сынчыл ой жүгүртүү технологиясы:** окуу сабактарында тексттин идеясына, проблемасына, маани-маңызына жараша аңгемелешүү, сынчыл ой жүгүртүү, проблемалуу кырдаал түзүү ыкмалары колдонулат.

**7) Деңгээлдик билим берүү технологиясы***:* Сабактарда деңгээлдик билим берүү технологиясы ишке ашыралат, ага жараша окуучулар мугалимдин айтып берүүсү жана окуганын кайталап айтып берүү ыкмасы менен чектелбейт, окуганын билүү, билгенин практикада колдонуу, проблемалуу ой жүгүртүү жана чыгармачыл мамиле жасоо ыкмаларын үйрөнүшөт.

## 5. ОКУУЧУНУН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Башталгыч класстарда баалоо билим берүү натыйжаларга жетишүү, өзүн-өзү жөнгө салуу ыкмалары жана жеке өнүктүрүү боюнча өзүн-өзү баалоо билим алуу прогрессинде эң маанилүү ролду ойнойт.

Мугалим жетишүүдөгү баалоонун негизги стратегияларын колдонот:

1) окуучунун баштапкы жана акыркы жыйынтыгы боюнча өз ара байланышы, башкача айтканда, прогресстин айрым динамикасы бааланат;

2) алынган жыйынтык менен критерийлердин дал келүүсү.

Башталгыч класстагы окуучулардын жетишкендиктерин баалоо төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылат:

**Критерийлүүлүк –** маанилүү башкаруу жана баалоо, окуучулар менен бирдей критерийде курулат. Окутуунун негизинде бирге иштелип чыккан критерийлер ар бир окуучу тарабынан алдын ала белгилүү жана ачык-айкын болушу керек;

**Өзүн-өзү баалоонун артыкчылыктары** – Окуучунун өзүн-өзү баалоосу мугалимдин баалоосунан мурдараак болушу башталгыч класстарындагы окуучулардын белгилүү бир критерийлер менен башкалардын ишин баалоого үйрөтөт.

**Ийкемдүүлүк жана өзгөргүчтүк** – натыйжалуу башкаруу жана баа берүү сунушу менен окуучуларды камсыз кылуу, окутуу ишин изилдөө үчүн ар түрдүү жол-жоболорду жана методдорду колдонуу, өз жыйынтыктарын түрдүү ыкмалар менен көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүү.

**Методдордун жана инструментарийлердин текшерүү жыйынтыктарын баалоо жана шайкештигин сактоо адекваттуулугу –** окуучулар өтүлгөн материалдарга байланыштуу тапшырмаларды аткаруусу менен баалануусу. Материалдын мазмунун түшүнүп билүү деңгээлин баалоодо ар түрдүү методдорду колдонуу мугалимге окуучулардын керектүү билим алуусу менен окутууну дифференциялоосуна мүмкүндүк берет.

### Баалоонун түрлөрү

Окуучулардын жеке билим жетишкендиктерин жана анын өсүүсүн өлчөө үчүн баалоонун түрлөрү: диагностикалык, калыптандыруучу, суммативдик баалоо колдонулат.

**1. Диагностикалык баалоо.** Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныктап алуусуна,

окуучуга тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүүгө жана аны өркүндөтүүгө негиз болот.

Билим берүү процессинде педагогикалык диагноздоо төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

- жетишүү деңгээлин аныктоо;
- окуучунун жетишкендиктерин анын мурдагы абалы менен салыштыруу;
- окуучунун билиминдеги кемчиликтердин себебин анализдөө;
- келечегиндеги жетишкендиктерди прогноздоо;
- окуучунун жетишкендиктерин интерпретациялоо жана баалоо;
- окуучуга диагноздоонун натыйжаларын маалымдоо;
- диагноздоонун натыйжасына карата окуучунун иш-аракетин көзөмөлдөө.

Мугалим окуучуларын системалуу түрдө байкоосунун өзү да диагноздоочу ишмердүүлүк болуп саналат.

Диагноздоодо алгач байкоого алынган бир жак менен башка бир стандарттык деп кабыл алынган экинчи жак салыштырылат. Ага анализ кемчиликтердин себебин аныктоо максатында жүргүзүлүп, абалга жараша индексацияланып, баа берилген соң гана ошол баа менен кийинки кырдаал божомолдонот.

**2. Калыптандыруучу баалоо.** Баалоонун бул түрү – баланын теориялык билими менен практикалык машыгуулары күн сайын үзгүлтүксүз түрдө байкалып, текшерилип турушу, анын калыптануу процессин туюнтулушу, т.а. баланын билиминин калыптанышынын максаттуу түрдө үзгүлтүксүз байкалып-бааланып турушу. Бул учурда мугалим баланын күндөлүк билимин атайын баа коюп баалабай, ал түрдүү критерийлерди эске алуу менен, кийинки баалоого негиз болуп эсептелиниши толук ыктымал.

Баалоонун бул түрү өз алдына мындайча максат коёт, ал негизинен, мугалим окуучунун аткарган иштериндеги катачылыктарды убагында оңдоп, түзөтүп, эскертип туруусу, кийинки текшерүүгө алдыртадан баланы даярдап отуруусу менен мүнөздөлөт.

Калыптандыруучу бул мезгилде окуучунун билими критериалдуу мүнөздө бааланат, ал кезде окуучунун ишмердик менен алган билими эске алынат, тактап айтканда, ***критериалдык баалоонун төрт деңгээли*** эске алынат:

- билген теориялык билими жана алган маалыматтар;
- билимин жана маалыматтарды практикада колдонуу ишмердиги;
- өздөштүрүү кезинде пайда болгон проблемалуу жагдайларды жана милдеттерди чече алуу;
- өзүнүн жекече чыгармачылык жөндөмүн көрсөтүү.

Бул учурда мугалим баланын теориялык билими менен практикалык ишмердигинин деңгээлин аныктап, көз салып, диагностикалап туруусу ишке ашырылат. Анын өзү баланы жоопкерчиликке үндөө менен, жыйынтыктоочу мезгилге теориялык-практикалык жактан даярдап отурат.

**3. Суммативдик баалоо.** Баалоонун бул түрү – окуучунун окуу ишмердигин баалоону андан ары улантат, т.а. жыйынтыктайт, жыйынтык баа коет. Анда окуу курсундагы кайсы бир теманы, бөлүмдү өздөштүрүү аяктаганда, окуучулардын теориялык билими менен практикалык машыгууларынын, окуу билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн калыптануу абалын аныктоо, ошого жараша баланын билимин баалоо ишке ашат. Ал баланын билими менен машыгууларын тесттер, текшерүү иштери, баяндама, дил баян, эссе

жаздыруу, айрым долбоорлорду түздүрүү аркылуу баалоо менен коштолот. Алардагы ар бир коюлган белгилер (т.а. баалар) чейрек аягында чыгарылуучу жыйынтык баалоодо эске алынат же ага негиз болот. Буга чейрек аягындагы баа гана эмес, жыл аягындагы экзамендик баалар да кирет.

**Баалоонун натыйжалуулугу үчүн мугалим мына буларга көңүл буруусу тийиш:**

– окуу процессинде ар дайым позитивдүү жана конструктивдүү кайтарым байланыш (жазуу жана оозеки түрүндө) берип турушу зарыл;

– окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерине жана өнүгүүсүнө байкоо жүргүзөт, ар бир окуу жылынын аягында билим алуудагы жетишүү; жыйынтыктарынын натыйжаларын өнүгүү критерийлери боюнча көргөзмөлүү баалоосун берип турат;

– баалоонун ар түрдүү ыкмалары менен формаларын колдонот, ошондой эле өзүн-өзү баалоо, бири-бирин баалоо, сапаттуу баалоо куралдары (окуучулардын портфолиосу, байкоо жүргүзүү өнүгүү карталары ж.б.)

– окуу процессинде көйгөйлөрдү бирге чечүү үчүн ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөргө) окуучунун жетишкендиктери же кыйынчылыктары боюнча маалымат берип туруусу керек;

**Таблица 4 – Баалоонун чен-өлчөмдөрү: 1-6-класстарда окуучулардын окуу ылдамдыгына коюлуучу талаптар**

| 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс | 5-класс | 6-класс |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуу ылдамдыгынан талаптар коюлбайт. | Тааныш эмес тексттен 20-30 сөздү үн чыгарып 1 мүнөттө окуйт. | Тааныш эмес тексттен 40-50 сөздү үн чыгарып 1 мүнөттө окуйт. | Тааныш эмес тексттен 60-70 сөздү үн чыгарып 1 мүнөттө окуйт. | Тааныш эмес тексттен 80-90 сөздү үн чыгарып 1 мүнөттө окуйт. | Тааныш эмес тексттен 100 сөздөн жогору үн чыгарып 1 мүнөттө окуйт. |

**Окуучунун жат жазуусун баалоо жана анын чен-өлчөмдөрү.**

Жат жазууну баалоо 4-класстан тартып, атайын критерийлердин негизинде ишке ашат. Баалоо - “эң жакшы”, “жакшы”, “канаттандырарлык”, “канааттандыралык эмес” деп мүнөздөлөт.

***Чейректик, жылдык жыйынтыктоочу жат жазууга баа коюу өлчөмү:***

“эң жакшы” деген баа – иш таза жазылып, өзүнүн бир оңдоосу болсо, одоно эмес 1 орфографиялык, же 1 пунктуациялык катасы болсо коюлат;

“жакшы” деген баа – иш таза жазылып, бирок, 2 ден ашпаган орфорграфиялык же 3 төн ашпаган пунктуациялык ( же 2 орфографиялык + 1 пунктуациялык) ката болсо коюлат;

“канааттандырарлык” деген баа – каллиграфиясы анча дурус эмес, 5-6 орфографиялык жана пунктуациялык катасы бар ишке коюлат;

“канааттандырарлык эмес” деген баа – жогоркулардан алда канча көп каталары бар ишке коюлат.

**Эскертүү:** 1) Айрым учурда, иш таза аткарылып, одоно эмес бир нече каталар кетирилсе, аларды топтоштуруп, 3 катаны 1 ката катары эсептөөгө башталгыч класстарда жол берилет.

2) Жазуу жумуштарында окуучулардын каллиграфиялык көндүмдөрүнө айрыкча көңүл бөлүнөт.

3) Каталарды мүнөздөөдө Кыргыз тилинин орфографиялык эрежелери эске алынат.

4) Электрондук жат жазууларды текшерүүдө да ушул нормативдер колдонулат.

## 6. ПРЕДМЕТТИ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

Кыргыз тили жана окуу предметтерин ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар – стандарт боюнча башталгыч класстын бүтүрүүчүлөрүнүн даярдык деңгээлине коюлган талаптарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталган окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоонун минималдуу талаптары. Аларга китеп басылмаларынын тизмеси (китепкана фонду), көрсөтмө басма жана электрондук колдонмолор, маалыматтык жана байланыш каражаттары, техникалык окуу куралдары, экрандык үн каражаттары, окуу, практикалык жана окуу лабораториялык жабдуулары кирет.

**Таблица 5 – Ресурстук камсыздоо**

| № | Типтер | Каражаттар |
|---|---|---|
| 1 | ОМК (электрондук жана басма түрүндө) | – Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен тизмеге ылайык сунушталган окуу-методикалык комплекстер |
| 2 | Кошумча окуу-методикалык жана башка дидактикалык материалдар | – ченемдик-укуктук документтер,<br>– окуу программасы, КТП<br>– мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор<br>– жумушчу дептерлер;<br>– балдар үчүн көркөм адабияттар ж.б. |
| 5 | Санариптик платформалар | – электрондук ресурстар |
| 6 | Экрандык-үн каражаттары | – штативдик же илинүүчү экран (минималдык өлчөмү 1,25 х 1,25), колонкалар, микрофон, наушниктер, аудиожазгыч, видеофильмдер, слайддар |
| 7 | Кошумча каражаттар | – эң жөнөкөй мектеп окуу куралдары: калем, түстүү карандаштар, учтары тегеректелген мектеп кайчы, кадимки сызгыч, компас, өчүргүч, кагаз (жазуу, пейзаж, аппликация жана оригами үчүн түстүү кагаздар), картон (кадимки, түстүү), пластилин же чопо, калька. |

# 7. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ

***Талаптагыдай билим берүү.*** Башталгыч мектептердеги билим берүү чөйрөсү окуучулардын руханий-адеп-ахлактык, коомдук, илимий, маданий жана психикалык өнүгүүгө жетишүү милдеттерине тиешелүү сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууда окуучулар үчүн жагымдуу жана шыктандыруучу чөйрө болушу керек. Алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), окуучулардын физикалык, психологиялык жана социалдык саламаттыгын коргоого жана чыңдоого кепилдик берүүлөрү керек. Окуучуларга жана мугалимдерге карата ыңгайлуу шарттар болуусу шарт.

***Психологиялык чөйрө.*** Сабакта окуучулар үчүн жагымдуу психологиялык жагдай түзүлүп, социалдашуу процесстери ийгиликтүү болуп, бала өзүн мектепте эркин, татыктуу атуул катары сезүүсү керек. Билимди баалоодо калыптандыруучу баалоо процессин ырааттуу колдонуп, позитивдүү бирин-бири колдоочу кайтарым байланыш түзүү, окуучулардын өз алдынча иштөөсүн, сабакта активдүүлүгүн колдоо менен, ошондой эле сабакта объективдүү баалоо аркылуу түзүлөт.

***Мотивациялык чөйрө*** – окутуунун интерактивдүү методдорун жана топтук иштөө формаларын колдонуу менен, окутууда кошумча материлдарды, анын ичинде заманбап, көркөм жана илимий-популярдык иллюстрацияланган материалдарды колдонуп, окуучулардын эмгегин чыгармачыл өнүктүрүүнү стимулдаштыруучу мамиле жана шыктандыруучу методдорун пайдалануу менен иш жүрүүсү шарт.

***Ченемдик-укуктук негиздер.*** Мектептеги окуу-тарбия иштерине байланыштуу жана санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана өрт коопсуздук, электр коопсуздук эрежелеринин ченемдик укуктук актылары жана эрежелери коопсуздукту камсыз кылуучу талаптарга жооп берүүгө тийиш.

***Заманбап технологиялардын, санариптик ресурстардын болушу.*** Электрондук маалыматтар жана билим берүү чөйрөсүнө зарыл заманбап шарттар санариптик билим берүүнү талаптагыдай уюштуруу үчүн зарыл деңгээлде болушу, ал ресурстарды колдонуудагы коопсуздук шарттары гигиеналык стандарттарга жана санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык камсыз болууга тийиш.

***Маалыматтык коопсуздук жана гендердик теңчилик.*** Башталгыч мектепте билим берүү чөйрөсү психологиялык жана маалыматтык коопсуздук, гендердик теңчилик, окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен уюштуруу жүзөгө ашат.

***Ден соолукту сактоо чөйрөсү.*** Мектептеги санитардык-эпидемиологиялык, өрт коопсуздугу жана электр коопсуздук эрежелеринин ченемдик-укуктук актыларынын аткарылышына коопсуздукту камсыз кылуучу талаптар жооп берүүлөрү тийиш.

***Гигиеналык шарттарды түзүү.*** Жалпы билим берүү уюмунун бардык бөлмөлөрүндө жасалма жана табигый жарык берүү деңгээли жана санариптик гигиеналык жана коопсуздук талаптар өз деңгээлинде болуусу жана камсыз кылынуусу зарыл.